«RG Brands Kyrgyzstan» ЖЧК (Ava долбоору)

Долбоордун номери: 56681

Долбоордун статусу: бекитилген

Жайгашкан жери:

Кыргыз Республикасы

Тармагы:

Тамак-аш өнөр жайы жана агробизнес

Мамлекеттик/жеке сектор

Жеке

Экологиялык категориясы:

C

Бекитилген күнү

2026-жылдын 24-февралы

Долбоордун резюмеси жарыяланган күнү

2026-жылдын 25-февралы

ЕРӨБдүн Маалыматка жеткиликтүүлүк саясатынын 1.4.2 (iii)-пунктуна ылайык, Директорлор кеңеши бекитүү боюнча ыйгарым укуктарын өткөрүп берген учурларда Банктын жетекчилиги тарабынан бекитилген долбоорлор боюнча долбоордун кыскача мазмуну ЕРӨБдү түзүү жөнүндө Макулдашуунун 13 (iii)-беренесине ылайык каршы пикирлердин жоктугу жөнүндө билдирүүлөр берилүүчү тиешелүү мөөнөт башталганда Банктын мүчө мамлекетине маалымдалат.

Долбоордун сыпаттамасы

«RG Brands Kyrgyzstan» ЖЧКсы Казакстанда катталган жана суусундуктарды өндүрүүчү алдыңкы аймактык компаниялардын бири болгон «RG Brands» тобунун туунду ишканасы болуп саналат. Долбоор «RG Brands Kyrgyzstan» ЖЧКсына 4 млн еврого чейинки өлчөмдө узак мөөнөттүү камсыздалган насыя берүүнү карайт.

Долбоордун максаты

Насыя каражаттары төмөнкү максаттарга пайдаланылат: (i) капиталдык салымдар программасын, анын ичинде «жашыл» инвестицияларды каржылоо; жана (ii) жүгүртүү капиталга болгон муктаждыктарды каржылоо.

Өткөөл процесске таасири

Өткөөл процесске күтүлгөн таасиринин баллдык көрсөткүчү: 60.

Долбоор өткөөл процесске тийгизген таасири боюнча 60 балл алган жана анын негизги атрибуту катары «экологиялуулук», ал эми кошумча атрибуту катары «инклюзивдүүлүк» белгиленген.

Кардар жөнүндө маалымат

«RG BRANDS KYRGYZSTAN» ЖЧК

«RG Brands Kyrgyzstan» ЖЧКсы БАЭнин Дубай Эл аралык Финансы Борборунда катталган «RG Brands Holding» компаниясына таандык жана Кыргызстанда суусундуктарды дистрибуциялоо жана сатуу менен алектенет. «RG Brands Holding» ошондой эле Казакстанда катталган, суусундуктарды өндүрүүчү алдыңкы аймактык компания болгон «RG Brands» ААКы аркылуу «RG Brands Kazakhstan» ЖЧКсына ээлик кылат.

ЕРӨБ каржылоосу

4 млн евро

Долбоордун жалпы наркы

4 млн евро

Толукталышы

ЕРӨБ жергиликтүү рынокто адатта жеткиликтүү болбогон каржылоо түзүмүн камсыз кылат жана ар түрдүүлүк, тең укуктуулук жана инклюзивдүүлүк саясатын колдойт. Кредитор катары ЕРӨБдүн катышуусу топко өзүнүн узак мөөнөттүү өнүгүү пландарын ишке ашырууга ишеним берет.

Экологиялык жана социалдык маселелер

Долбоорго 2024-жылдагы Экологиялык жана социалдык саясатка ылайык С категориясы ыйгарылган. Долбоор тамак-аш өнөр жайы жана агробизнес тармагындагы ишканаларды каржылоо менен байланыштуу, ал эми кардар Казакстанда катталган суусундуктарды өндүрүүчү компания болуп саналат. «RG Brands» өткөн жылы ЕРӨБдөн алган кредитин экинчи жолу толугу менен төлөп бүтүргөн. Компания менен мурдагы долбоорлорду даярдоонун жүрүшүндө ЕРӨБ «RG Brands» компаниясынын ишмердүүлүгүнө байланышкан негизги экологиялык жана социалдык маселелерди аныктаган. Банктын адистери жана тышкы консультанттар тарабынан жүргүзүлгөн мурдагы экологиялык жана социалдык комплекстүү экспертиза (ЭСКЭ) компаниянын айлана-чөйрөнү коргоо, эмгек, саламаттыкты сактоо жана коопсуздук техникасы боюнча Казакстандын мыйзамдарынын талаптарын сактап жатканын көрсөткөн. Ошол эле учурда кадрларды башкаруу жана ички башкаруу системаларын өркүндөтүү, жеткирүү чынжырчасын жана подрядчылар менен иштөөнү жакшыртуу, кызматкерлердин даттанууларын каroo боюнча ички жол-жоболорду андан ары өнүктүрүү жана кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттенүүнү кеңейтүү зарылдыгы белгиленген. Бул маселелер Экологиялык жана социалдык иш-чаралар планына (ЭСИП) киргизилип, компания тарабынан ийгиликтүү аткарылган. Азыркы учурда компания өнүккөн башкаруу системаларына ээ жана аларды натыйжалуу ишке киргизүү мүмкүнчүлүктөрүнө да ээ. Бүгүнкү күнгө карата берилген отчеттуулук компания экологиялык жана социалдык маселелерди чечүүгө жетиштүү ресурстарды жана күч-аракеттерди жумшап жатканын, ошондой эле анын ишмердүүлүгү ЕРӨБдүн экологиялык жана социалдык талаптарына ылайык жүргүзүлүп жатканын тастыктайт. Компания менен ишке ашырылып жаткан бул жаңы долбоор экологиялык жана социалдык жактан төмөн тобокелдүү деп эсептелет жана кошумча экологиялык жана социалдык комплекстүү экспертизаны (ЭСКЭ) же Экологиялык жана социалдык иш-чаралар планын (ЭСИП) талап кылбайт. Компания ЕРӨБгө өзүнүн экологиялык жана социалдык көрсөткүчтөрү боюнча отчет берүүнү мындан ары да улантат.

Экологиялык баа берүү

Долбоор суусундуктарды бөлүштүрүү тармагындагы «жашыл» капиталдык салымдарды, анын ичинде муздаткычтарды алмаштырууну жана кошумча аралаштыргычтарды сатып алууну каржылоого мүмкүндүк берет. Долбоор климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерин азайтуу жана аларга ыңгайлашуу боюнча Париж келишиминин максаттарына шайкеш келет деп эсептелет. Долбоор боюнча «жашыл» каржылоонун үлүшү 75% түзөт.

Техникалык кызматташтык жана гранттык каржылоо

Долбоор боюнча Япония - ЕРӨБ кызматташтык фондунун техникалык кызматташтыгы (ТК) каралган. Техникалык кызматташтыктын каражаттары юридикалык экспертизаны жүргүзүүгө кеткен чыгымдардын 65%ын жабат. Калган 35%ын кардар өз мойнуна алат.

Компаниядагы байланышуучу адам

Тимур Жангужанов
timur.zhanguzhanov@brands.kz

Резюменин акыркы жаңыртылган күнү

2026-жылдын 25-февралы

Өткөөл процесс боюнча түшүндүрмө

ЕРӨБдүн өткөөл мезгилге таасир этүүгө карата мамилеси жөнүндө толук маалыматты бул жерден таба аласыздар.

Ишкердик мүмкүнчүлүктөрү

Ишкердик мүмкүнчүлүктөрү жана сатып алуулар боюнча кардар компания менен байланышыңыздар.

ЕРӨБ менен ишкердик мүмкүнчүлүктөрү (сатып алууларга байланышпаган) боюнча төмөндөгү жолдор менен байланышыңыздар:
Тел: +44 20 7338 7168
Эл.почта: projectenquiries@ebrd.com

Мамлекеттик сектордогу долбоорлор боюнча ЕРӨБдүн сатып алуулар боюнча сайтына кириңиз:
Тел: +44 20 7338 6794
Email: procurement@ebrd.com

Жалпы маселелер

Конкреттүү суроо-талаптар ЕРӨБдүн суроо-талаптар формасы аркылуу берилет.

Экологиялык жана социалдык саясат (ЭСС)

ЭССде жана Ишке ашыруу талаптарында (ИАТ) ЕРӨБ «экологиялык жактан негизделген жана туруктуу өнүктүрүүгө» көмөктөшүү боюнча өзүнүн милдеттемелерин кандайча аткаргандыгы тууралуу баяндалган. ЭСС менен ИАТ кардарлардын коомдук маалымат жана консультациялар тууралуу улуттук мыйзамдардын талаптарын сактоосу жөнүндө конкреттүү жоболорду, кызыкдар тараптардын, анын ичинде экологиялык көйгөйлөр, кардарлардын жана долбоордун социалдык натыйжалуулугу боюнча тынчызданууларын менен арыздарын алуу жана аларды

чечүүнү жеңилдетүү үчүн даттанууларды кароо механизмдерин түзүүнү өзүнүн ичине камтыйт. Экологиялык жана социалдык тобокелчиликтердин мүнөзү жана масштабына жана долбоордун таасир этүүлөрүнө жараша, ЕРӨБ өзүнүн кардарларынан зарыл болгон учурларда долбоорлорду жүзөгө ашыруунун жыйынтыгында келип чыга турган тобокелчиликтер менен таасирлер же кызыкдар тараптар менен маңыздуу консультацияларды жүргүзүү, ошондой эле Кайтарым байланышты кароо жана ага реакция кылуу жөнүндө маалыматтарды ачыктоону кошумча талап кылат.

Бул жагдай тууралуу ЕРӨБдүн тажрыйбасы жөнүндө тагыраак маалыматтар ЭССде баяндалган.

Бүтүндүк жана шайкештик

ЕРӨБдүн Шайкештик боюнча башкы кызматкеринин кеңсеси (ШБКК) Банктын баардык ишмердүүлүгүнө, мыкты эл аралык тажрыйбаларга ылайык, талаптагыдай башкарууга көмөктөшөт жана акниеттүүлүктүн эң мыкты стандарттарын колдонууну камсыз кылат. Акниеттүүлүк боюнча комплекстүү текшерүү долбоорлордун банк үчүн акниеттүүлүк менен репутациянын кабыл алынгыс тобокелчиликтерин сунуштабашын камсыздоо үчүн жүргүзүлөт. Банк долбоорду баалоону бекитүү баскычында көйгөйлөрдү аныктоону жана чечүүнү банктык операциялардын бүтүндүгүн камсыздоонун натыйжалуу каражаты деп эсептейт. ШБКК мындай коргоочу аракеттерде маанилүү ролду ойнойт, ошондой эле инвестиция кылгандан кийин долбоорлордогу бүтүндүүлүк тобокелчиликтерин көзөмөлдөөдө жардам берет.

ШБКК ошондой эле ЕРӨБ тарабынан каржыланган долбоорлордогу алдамчылык, коррупция жана мыйзамсыз аракеттер жөнүндө билдирүүлөрдү иликтөөгө жооп берет. Банк ичиндеги, ошондой эле банк сыртындагы алдамчылыкка же коррупцияга шектенген адам compliance@ebrd.com электрондук дареги аркылуу көзөмөлдөө боюнча башкы кызматкерге жазуу жүзүндө кабар бериши керек. Жиберилген баардык материалдар кийинки кадамдарды көрүү үчүн ШБККда каралат. Баардык билдирүүлөр, анын ичинде анонимдүү берилгендери да, каралат. Билдирүүлөр банк колдонгон же анын ишмердүүлүгү жүргүзүлгөн өлкөлөрдүн каалаган тилдеринде түзүлүшү мүмкүн. Берилген маалыматтар ишенимдүү болушу зарыл.

Маалыматтын жеткиликтүүлүгү жөнүндө саясат (МЖС)

МЖС, 2020-жылдын 1-январынан тарта күчүнө киргенден кийин, ЕРӨБдүн маалыматты кантип ачыктаарын жана өзүнүн стратегияларынан, саясаттарынан жана операцияларынан кабардар болуусу менен аларды түшүнүүсүн жогорулатуу максатында кызыкдар тараптар менен кантип кеңешээрин аныктайт. ЕРӨБдүн веб-сайтында кандай маалымат бар экенин билүү үчүн Маалыматтын жеткиликтүүлүгү жөнүндө саясат бетине кириңиз.

Маалымат алууга конкреттүү суроо-талаптарды ЕРӨБдүн суроо-талаптар формасы менен жөнөтүүгө болот.

Долбоорлор боюнча көзкарандысыз отчеттуулук механизми (ДКОМ)

Эгер Кардар же Банк менен экологиялык, коомдук же социалдык көйгөйлөрдү чечүү боюнча аракеттер ийгиликтүү болбосо (маселен, Кардардын долбоор деңгээлиндеги даттанууларды кароо механизми аркылуу же Банк жетекчилиги менен түз сүйлөшүү аркылуу), жеке жактар жана уюмдар аларды тынчсыздандырган маселелерди Долбоорлор боюнча көз карандысыз отчеттуулук механизми (ДКОМ) аркылуу чечүүнү тандашы мүмкүн.

ДКОМ долбоордун зыян келтирген (же зыян келтириши мүмкүн) деп эсептелген маселелерин өз алдынча карайт. Бул Механизмдин максаты - экологиялык, социалдык жана коомго

маалыматты ачыктоо көйгөйлөрүн чечүүдө кызыкдар тараптардын ортосундагы диалогду колдоо; банк өзүнүн экологиялык жана социалдык саясаты менен маалыматтын жеткиликтүүлүгү жөнүндө саясатынын долбоорго тиешелүү болгон жоболорун сактап же сактабай жатканын аныктоо; жана тиешелүү учурларда, бул саясаттардын сакталбаган жагдайларын четтетүү, ошол эле маалда келечекте Банктын бул саясаттардан четтөөсүнүн алдын алуу болуп саналат.

Долбоорлор боюнча Көзкарандысыз Отчеттуулук Механизминин веб-баракчасына кирип, ДКОМ жана анын мандаты жөнүндө; карап чыгуу үчүн Арыз берүү жолдору; же ДКОМ жана арыз берүү жолдору жөнүндө кошумча түшүндүрмө жана маалымат алуу үчүн ДКОМ менен ipam@ebrd.com электрондук дареги аркылуу байланышуу тууралуу көбүрөөк биле аласыз.